БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКТЕГИ 16 ЗАСЕДАНИЕСИНИН
Т О К Т О М У

2023-жылдын 17-июлу № 16/1 Кайнама айылы

**Айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектептерде, бала бакчаларда чарбалык иштердин абалы жөнүндө**

Айыл өкмөтүнүн аймагында мектептердин жана бала бакчаларда чарбалык иштердин абалы жөнүндө ар бир мекеме жетекчилердин аткарып жаткан иштерин угуп жана талкуулап, Будалык айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн аймагында мектептерде жана бала бакчаларда алгылыктуу иштер аткарылып жаткандыгы белгиленсин.
2. Ж.Бубаев атындагы орто мектебинин алдында кооптулук жаратып жаткан 5 теректи кыйып жок кылууга тиешелүү иш кагаздары даярдалсын жана көмөкчү чарбасы үчүн КБФнун жеринен жер бөлүнүп берилсин.
3. Кум Шоро орто мектебинин жаны имараты бүткөнгө чейин мектеп үчүн пайдаланылып жаткан үй ээлерине эски бузулган мектептин эшик терезелери керектөөлөргө ылайык, кышка даярдоо максатында бекер берилсин.
4. Кум Шоро орто мектебин буздурууда чыгарылган эски материалдары сатуудан түшкөн акча каражатын банкка төктүрүү мектеп директоруна милдеттендирилсин.
5. Кум Шоро бала бакчасына "движок" алып берилсин жана Ш.Айткулов атындагы бала бакчанын электр лампаларын (флафон) алмаштырылып берилсин.
6. Будалык башталгыч мектеби эгерде коюлган талаптарга ылайык келип, окуучулардын саны жетсе 9 жылдыкка өткөрүү чаралары көрүлсүн.
7. Мектептердеги окуу тарбия иштеринин, билим сапатын көтөрүүгө аракеттерди көрүү мектеп директорлоруна жүктөлсүн.
8. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин

**Будалык айылдык Кеңешинин**
**төрагасы: У. Арапбай уулу**